(12, 3, 4.) КАРАЛАЕВ САЯКБАЙ.

"МАНАС"

ЧОҢ КАЗАТ.

10-д.

...литературы и ...

99

358 ст.

19[illegible]г.

358 стр.

КАРАЛАЕВ САЯКБАЙ.

"МАНАС"

ЧОҢ КАЗАТ.

10.-Д.

(12,13,14.)

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 920 104.
Кир. ФАН СССР. гор. Фрунзе

358 бет.
11.000 строк.

Рукопись орduна.

Чыгам деген Кытайдын,
Чыгарбаи жорун кайнатып.
Тосуп турган мен элем.
Аныык кулүк сарала,
Оттоп көнгөн жер эле.
Асманда күнүм бүркөлөт Сыргак,
Беежин еске түшкөндө,
Томуктай болгон башыма,
Акыр саман кыямат,
Алтымыш санаа бир келет Сыргак.
Алмамбеттин Беежинге,
Асап салган шоктугу,
Ушу турган беежинде,
Койчу кокуй Сыргагыыы, гу.
Мусулман диндин жоктугу.
Калдайып жаткан Беежинде,
Алмамбет улук кан болсо,
Миңге бөлүп кытайды,
Эч болбосо биринде,
Мага жолдош бар болсо,
Калың Кытай Беежинге,
Кайгыны кантип баштайын Сыргак.
Мусулман дини бар болсо,
Беежинди кантип таштайын Сыргак.
Таштап журтум кеткенде,
Не мураткa жетемин Сыргак,
Туулуп өскөн тунгуч жер,
Түгөл айтып кетейин Сыргак,
Берки туура жаткан кара кыр,
Чай алуучу кен ошол.
Черикти Кытай эл ошол.

(10)

Институт языка, литературы и ... Отдел рукописей ... Инв. № 920 Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Кыр кандын эли кытайга,
Алтын берсе чай берип.
Бу Бееҗинди сурап турган мен ошол.
Алмамбеттин чай алуучу кенти деп.
Алигече Бееҗинге,
Атагы калган мен ошол Сыргак.
Тетиги агала мойнок көрүнгөн,
Алтын казар жер ошол,
Ар шайманы теп тегиз,
Аланта билген- мен жалгыз.
Айтып турган мен ушул Сыргак.
Тетиги агала кум кызыл чап,
Шордуу атам„Алмамбет ойноп жүрет„деп,
Казыналык кылдырган,
Атэкемдин көрүүсү,
Түбүндө Калмак эл ошол.
Он эки күндө бир чыгып,
Ошол жаткан көк кумга,
Оюн кылган жер ошол.
Ойлосом ичим чок болот.
Санаамды кантип жоемун Сыргак.
Эрмегим калган кайран жер,
Эстебей кантип коемун Сыргак.
Алдыбызда мөлтиреп,
Айнектей болгон ак талаа.
Алмамбеттин талаасы,
Койчу Сыргак кабылан,
Айта берсем өткөндү,
Бөлүнөт эрдин санаасы Сыргак.
Ак талаа жайын айтайын,
Кунанда сарала,

Кутуруп сынап минген жер,
Жаш кезимден жүргөн жер.
Айнектей болгон ак калаа,
Атамдын таш көпүрө калаасы,
Таш көпүрө шаарында,
Алмамбет жорук билген жер.
Атакемдин ордуна ,
Алты күнү кан болуп,
Алтын тагын минген жер.
Алтын так жайын айтайын,
Асыл темир дарбаса,
Кандын турган эшиги.
Ошол эшик ичинде,
Тегректе чынар бак,
Ичинде болот алтын так.
Адам басар жолу жок.
Бу туш менен тиги туш.
Жакут таштан жабылуу,.
Ич жагында не түрдүү,
Ар белгиси салынуу.
Кырк жылы сууга чыласа.
Кылт этип кыры оңбогон,
Топурак тозоң чаң көрсө,
Кылайып өңү оңбогон.
Алтын кечет чоң килем,
Чылк жибектен токуган.
Астына аны жайдырган.
Алтын такты орнотуп,
Үстүнө анын салдырган.
Кумар болуп калың эл.
Көрсөм деп көзү кызарган.